Мусаев Бакытбек Малаевичтин **«Маалыматтык технологиялардын жардамы менен студенттерди кесипке багыттап окутуу (башкаруудагы маалыматтык технологиялар курсун окутуунун мисалында)»** аттуу 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине илимий жетекчисинин

## ПИКИРИ

Мусаев Бакытбек Малаевич М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинде информатика боюнча окутуучу болуп иштегенден баштап студенттерди информатика предметине кызыктырууга, алардын кесиптик билим алуу процессинде малыматтык технологияларды колдонуунун проблемаларын иликтөөгө кирише баштаган: Бул боюнча ал бир канча семинарларда, илимий конференцияларда докладдарды жасаган. Анын жасаган докладдары конференциялардын жыйнактарында, илимий журналда жарыяланып турган. Илимий кызыгуусун ал, кийин илимий темага айландырып, аспирантурага тапшырган.

Диссертациялык ишин жазууда ал экономист адистерге кесиптик билим берүүнүн өзгөчөлүктөрү, маалыматтык технологияларды кесипке багыттап окутуу проблемалары боюнча илимий адабияттарды окуп үйрөндү. Кесиптик ишмердүүлүктө маалыматтык технологияларды колдонуунун дидактикалык негиздерин, Келечектеги адистин даяр болуу моделинин элементтерин иликтеп чыкты. Бул жагдайда ал диссертацияларды, монографияларды, илимий макалаларды окуп үйрөнүп, өз илимий ишинде колдонду. Изилдөөнүн жүрүшүндө ал маалыматтык технология курсун окутуу аркылуу кесиптик ишмердүүлүккө даярдоонун технологиясын, кесиптик ишмердүүлүктүн калыптануусунун критерийлерин аныктап чыкты. Иштелип чыккан технологиянын эффективдүүлүгүн ал үч этаптан турган эксперимент аркылуу апробациялап, анын эффективдүүлүгүн аныктады.

Б.М. Мусаев диссертациялык изилдөөсүнөн алынган натыйжалар тууралуу Кыргызстандын жана чет элдин илимий басылмаларында илимий макалаларын жарыялады. Анын диссертациялык изилдөөсүндө коюлган максат жана милдеттер толугу менен аткарылды, алынган теориялык жоболору, методикалык сунуштары статистикалык методдорду колдонуу аркылуу такталып, эффективдүүлүгү аныкталды.

Б.М. Мусаевдин «Маалыматтык технологиялардын жардамы менен студенттерди кесипке багыттап окутуу (башкаруудагы маалыматтык

технологиялар курсун окутуунун мисалында)» аттуу диссертациясы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга коюлган талаптарына жооп берет жана изденүүчүгө 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын ыйгаруу үчүн диссертациялык кеңеште коргоого сунуштоого болот.

**Илимий жетекчи,**
**п.и.д., профессор, Ала-Тоо эл аралык университетинин илимий иштер боюнча проректору** **С.Калдыбаев**

10.06.2024.

КАДРЛАР БӨЛУМУ
ОТДЕЛ КАДРОВ
HUMAN RESOURCES